Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим министрлигинин

2021-жылдын «___» ______________ №_________

буйругуна тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**БАГЫТЫ: 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү»**

**Квалификациясы: Бакалавр**

**Бишкек 2021**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.**740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү» багыты боюнча Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатында аныктаган башкы ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте бекитилет.

Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартын аткаруу бакалаврларды даярдоо боюнча жогрку кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык жождор үчүн, уюштуруучулук-укуктук тариздерине (формаларына) карабастан, милдеттүү болуп эсептелет.

**1.2. Атоолор (терминдер), аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.** Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасы катышуучу болгон мыйзам чегинде белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

- **негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүүжараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун чектөөчү (регламенттөөчү окуу-усулдук (методикалык) иш кагаздардын топтому (документтердин жыйындысы);
- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү сөңгөктөгү (профилдеги), пайдубалдуу (фундаменталдуу) даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо үчүн жогорку билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **сөңгөгү (профили)** - негизги билим берүү программасынын тикелей бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **зиректүүлүк (компетенттүүлүк)** - тийиштүү тармакта кесиптик ишмердүүлүктү аткаруудагы инсандык динамикалык сапаттарынын топтому, билими, кыла билүүлүгү, көнүмү жана көндүмү;
- **бакалавр** – жогорку кесиптик билими боюнча дасыктык деңгээл, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча "магистр" академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укук берет;
- **магистр** – кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча аспирантурага же базалык докторантурага (сөңгөгү (профили) боюнча PhD) өтүп окуусун улантууга укук бере турган жогорку кесиптик билими боюнча дасыктык деңгээл;
- **кредит (чегермелик бирдик**) - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу чеги (өлчөмү);
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасын окуп өздөштүргөндүгүнүн жыйынтык зиректиктери.
- **жалпы илимий зиректүүлүк** – бүт (же көбүнчө) кесиптик ишкердүүлүктүн түрлөрү үчүн жалпы болгон мүнөздөмө; талдоону жана синтезди ж. б. окуп үйрөнүүгө жөндөмдүүлүгү;
- **аспаптык зиректүүлүк** – конгнитивдик жөндөмдүүлүктү, идеяны жана ой жүгүртүүнү түшүнүп жана колдонууга жөндөмдүүлүктү; көйгөйлөрдү чечүү жана чечим кабыл алуу, окуп үйрөнүүнүн стратегиясын кураштырууну, убакыты уюштуруу, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу жөндөмдүүлүктү, методологиялык жөндөмдүүлүктү; маалыматтык башкарууга жөндөмдүүлүктү жана компьютердик

чебердүүлүктү, техниканы колдонууга байланышкан технологиялык жөндөмдүүлүктү; лингвистикалык жөндөмдүүлүктү, коммуникативдик зиректүүлүктү камтыйт;

**- социалдык-инсандык жана жалпы маданий зиректүүлүк –** сын түшүнүүчүлүк жана өзүн өзү сындоо жөндөмдүүлүгүно болгон мамилесин жана сезимин билдирүү жөндөмүнө байланыштуу, жана ошондой эле социалдык жана этикалык милдеттерди кабыл алууга, топтордо иштөөнү билүүгө, социалдык (коомдук) өз ара жараяндарга жана кызматаштыктарга байланыштуу жеке жөндомдүүлүк;

- **кесиптик стандарт** – аткарган ишине карабастан, кандайдыр бир уюмда татыктуу кызмат ордун ээлөөгө дал келген кызматкердин кесиптик сапаттык деңгээлин сүрөттөөчү жана кесиптик иштин белгилүү бир түрүн аныктоочу талаптын мазмунуна жана сапатына ал дал келүүгө милдеттүүлүгүн аныктоочу негизги иш кагаз

**1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр.**

Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар жана белгилөөлөр колдонулат:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;

НББП - негизги билим берүү программасы;

ОУБ – окуу усулдук бирикме;

НББП СМ - негизги билим берүү программасынын сабактар мерчеми;

ЖИЗ - жалпы илимий зиректүүлүктөр;

АЗ – аспаптык зиректүүлүктөр;

КЗ - кесиптик зиректүүлүктөр;

СИжЖМЗ - социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык зиректүүлүктөр.

## 2. Колдонуу тармагы

**2.1.** Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү» уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - жождор), уюштуруучулук-укуктук тариздерине карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2. 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү»** бакалаврларды даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСын негизги пайдалануучулар болуп:

- жождордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуучулар, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу адамдар;
- жождун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окутуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;

- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин мүчөлөрү;

- жогорку кесиптик билим берүү системинде мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу, мамлекеттик аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү.

- жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү уюмдарды жана билим берүү программаларын аккредитациялоону жүргүзгөн аккредитациядык агентство.

**2.3**. **Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар**.

**2.3.1.** Жогорку кесиптик билимдүү "Бакалавр" академиялык даражасын алуу үчүн жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли – жалпы (толук) орто билимдүү же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билимдүү болушу зарыл.

**2.3.2.** Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү иш кагазы болушу керек.

## 3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

**3.1.** Кыргыз Республикасында 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү» багытындагы жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоо боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" дасыктыгын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүүөткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө "магистр" дасыктыгын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

ЖКББ НББП сөңгөктөрүн бакалаврларды даярдаган багытынын ичинде тармактык/секторлук дасыктардын (бар болсо) негизинде жож аныктайт.

**3.2.** Күндүзгү окуу таризиндеги жалпы орто же кесиптик орто билим байырында 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү» бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес болушу керек.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу таризддери боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн, ошондой эле окутуунун ар түрдүү таризддери айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиясыщ пайдаланылган учурдагы мөөнөттөрү жож тарабынан күндүзгү окуу таризиндеги өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айдан бир жылга чейин узартылат.

Тиешелүү сөңгөктөгү (профилдеги) орто кесиптик же жогорку кесиптик билими бар инсандарга бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүдө тездетилген программа менен окууга укук берилет. Тездетилген программа менен окууда окуу ченемдик мөөнөтү студенттин орто кесиптик жана (же) башка программа негизинде жогорку билим алууда мурун өздөштүргөн (өткөн) кээ бир сабактарды (модульдарды) жана (же) кээ бир амалияттарды толугу менен же кандайдыр бир бөлүгүн кайра аттестациялоо (кайра зачеттоо) негизинде чектелет.

Орто кесиптик билимдин сөңгөгүнүн жогорку кесиптик билимдин сөңгөгүнө дал келе тургандыгын жож өз алдынча аныктайт.

Орто кесиптик билимдин базасында тездетилген программа менен окутууда күндүзгү окуу таризддеринин негизинде бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн окуу ченемдик мөөнөтү 3 жылдан кем эмес.

Жеке окуу планы менен окутууда, билим алуунун таризине ()ормасына) карабастан, окуутуунун ченемдик мөөнөтүн жож өз алдынча аныктайт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жеке окуу планынын негизинде окутууда тиешелүү тариздеги билим алуу үчүн белгиленген ченемдик мөөнөттү жож узартууга укуктуу.
Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министерлер Кабинети белгилейт.

**3.3.** Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредиттерге (чегерим бирдикке) барабар.

Күндүзгү окуу таризи боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредиттерге (чегерим бирдикке) барабар.

Окуу жараяны эки семестрлик болуп курулган учурда, бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредиттерге (чегерим бирдикке) барабар.

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде дарсканалык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу тариздери боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү тариздери айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиясыщ пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 48 кредиттерден (чегерим бирдиктен) кем эмести түзөт.

Бүтүрүүчү окуу жылынын сыйымдуулугу НББПнын жалпы сыйымдуулугун камсыздоо муктаждыгын эске алуу менен аныкталат.

**3.4.** ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы даярдоонун 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү» багыттары боюнча максаттары:

**3.4.1.** 740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү» бакалаврларды даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСын максаты болуп: амалияттык иш-аракеттерде жыйынтыкка жетишүүгө, кесиптик зиректүүлүктү калыптандырууга багытталган жана студенттердин өздүк сапатын өркүндөтүү жолу менен полиграфиялык технология колдонулган полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүндө, маалыматтык, басуу жана башка технологияларда, анын ичинде кросс-медиялык, башка аймактардагы ар түрдүү кесиптик иш-аракеттерге бакалаврларды даярдоо.

**3.4.2.** Инсанды тарбиялоо чөйрөсүндө **740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоо ЖКББ МББСынын максаты студенттердин социалдык-инсандык сапатын: максаттуулукту, уюштуруучулукту, эмгекчилдикти, жоопкерчиликти, жаранчылдыкты, коммуникативдүүлүктү, сабырдуулукту жана жалпы маданияттуулукту жогорулатууну калыптандыруу.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү.**

**740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү»** багыты боюнча бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү болуп:

- атаандаштыкка жөндөмдүү жана сапаттуу полиграфиялык жана таңгактоо буюмдарын жаратуучу технологияларга багытталган ишкердиктин каражаттарынын, ыкмаларынын жана жолдорунун топтомун;
- полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнө болгон ченемдерди ишке ашырууну жана аны көзөмөлдөөнү, иштеп чыгууну, негиздөөнү, эрежелерди жана талаптарды;
- полиграфиялык жана таңгактоо буюмдарын жасоо үчүн иштелип жаткан технологиялык жараяндарды өркүндөтүүнү жана жаңы жараянды иштнп чыгууну;
- буюмдарды өндүрүү үчүн технологиялык жараяндарды компьютердик моделдөөүн жана долборлоонун ыкмаларын, автоматташтырылган заманбап каражаттарды колдонууну жана жаңы каражаттарды түзүүнү;
- полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүштөрүнүн технологиялык жараяндарынын жогорку эффективдүү иштешин, алардын каражаттарын технологиялык жактан жабдууларын, автоматташтырылган системдерин, башкарууну, көзөмөлдөөнү жана диагностиканы камсыздоону;

- өндүрүштү технологиялык чөйрөдө камсыздандыруудагы маркетингдик изилдөөлөрдү өткөрүүнү;
- даяр полиграфиялык жана таңгактык буюмдарды сатууну жана анын ой жүгүрүмун камтыйт.

Бүтүрүүчү, алган билиминин деңгээли жана алган жөндөмү кызматкердин дасыгынын талабына дал келген шартта, башка кесиптик аймактарда жана (же) кесиптик чөйрөдө кесиптик иш жүргүзө алат.

Кесиптик иш-аракет чөйрөсүнө ылайык **740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү»** даярдоо багыты ар кандай даярдоо сөңгөгүн (профиль) өзүнө камтый алат.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иштери.**

740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү» багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүктөрү болуп: тестөөлүк жана маалыматтык жараяндар, программалык каражаттар, атайын базалык берилиштер, технологиялык жана өндүрүштүк жараяндарды долборлоонун ыкмалары, басмалык, таңгактык жана жарнамалык буюмдарды чыгаруудагы ишкерлерди жана каражаттарды башкаруу, ошондой эле полиграфиялык технологияларды колдонуу менен өндүрүштүк буюмдарды жана жалпы керектөөлүүчү буюмдарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү.

**3.7.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

- долбоорлоо – куроочулук;
- өндүрүштүк – тестөөлүк;
- уюштуруу – башкаруучулук;
- тейлөөлүк-иштете билүүлүк.

Бакалавр өзүнүн даярданып жаткан кесиптик ишмердүүлүгүнүн такталган түрлөрүн жогорку окуу жай тарабынан иштелип чыккан окуу программаларынын мазмунуна жараша тиешелүү кесиптик стандарттын (андай бар болсо) негизинде же кызыктар тарабы менен бирдикте тактоосу керек.

**3.8.** ***Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери***

**740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү»** багытында даярдалынуучу бакалавр кесиптик ишкердигинин түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик маселелерди чечүүсү керек:

***Долборлоо – куроолук ишкердиги боюнча:***

- керектүү чөйрөдөгү бизнес-жараяндарды моделдөө жана системдик талдоо;
- жабдууларды куроого жана анын иш кагаздарын иштеп чыгуу;
- ишкананын ишкердүүлүгунүн техника-экономикалык жактан натыйжалуулугун негиздөө;
- эскиздик, техникалык жана куроолук иш кагаздарды иштеп чыгуу жана аны каттоо;
- буюмдарды жана өндүрүштү долборлоодо заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу.

***Өндүрүштүк – тестөөлүк ишкердиги боюнча:***

- автоматташтырылган долбоорлоо, иштеп чыгуу, тестирлөө жана өндүрүштөгү технологиялык жараяндарды коштоодо колдонулуучу каражаттарын колдонуу жана өздөштүрүү;
- жаңы буюмдарды өндүрүүнү даярдоо жолдорундагы тестөөлүк жараяндарды өздөштүрүүдө жана аны жетилтүү иштерине катышуу;
- өндүрүштүк бөлүмдөрдөгү тестөөлүк жараяндарынын менеджментинин сапаты боюнча ишкагаздарын даярдоо;
- программалык долбоорлорду аткаруу жараянында кардарлар менен байланышуу.

***Уюштуруу – башкаруучулук ишкердиги боюнча:***

- жумуш ордун уюштуруу, аны техникалык жактан жабдуу, керектүү өндүрүштүк жабдууларды жайгаштыруу;
- техникалык иш кагаздарды (штөө ыраатамасын, көрсөтмөлордү, пландарды, сметаларды, тектерге буйуртмаларды, жабдууларды, программалык камсыздоолорду) жана бекитилген формада боюнча белгиленген отчетторду түзүүгө катышуу;
- өз ишин пландоо жана уюштуруу;

***Тейлөөлүк-иштете билүүлүк ишкердүүлүгү боюнча:***

- өндүрүштөгү техникалык каражаттарды тажрыйбалык ишке киргизүү үчүн жана сынак өткөрүү үчүн мүчүлүштүктөрдү оңдоо жана жөндөө;
- берилген функциялык мүнөздөмөлөрдө жана сапаттык чендерге ылайык технологиялык тестөөлөрдү коштоону жана иш жөндөмдүүлүгүн колдоо;
- өндүрүштүн толук кандуу иштеши үчүн шарттарды түзүү, анын бүтүмдүгүн жана коопсуздугун камсыздоо;
- өндүрүштүн иштешиндеги колдонулган технологияларды өзгөрүлүүчү шарттарга ылайыкташтыруу;
- технологиялык жабдууларды иштетүү боюнча эрежелерин түзүү;
- тейлөөлүк-иштете билүүлүк жумуштарын аткаруунун бааларын жана өлчөмдөрүн (параметрлерин) аныктоо, тейлөөлүк-иштете билүүлүк кызматын уюштуруу жана жүзөгө ашыруу.

**4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар**

**4.1** Жождун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.

**4.1.1.** Жождор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылат жана жождун окумуштуулар кеңешинде бекитилет.

Жождор НББПны илимдин, маданияттын, үнөмдүн, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, жождо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен 5 жылда  бир жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;

- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;

- так макулдашылган чендин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтикеринин, бүтүрүүчүлөрдүн зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;

- окутуучулар курамынын сапатын жана зиректүүлүгүн камсыз кылууда;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү каражаттар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөдөлдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;

- өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка шайкеш билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган чендер боюнча өзүн өзү изилдөөнүүзгүлтүксүз жүргүзүүдө;

- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, максаттары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын байырларын жож иштеп чыгат жана бекитет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлордү аттестациялоого, бүтүрүп чыгаруучу дасыктык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар, жождун

бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациялоосунун Жобосун эске алуу менен, жож тарабынан аныкталат.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда жожду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык зиректигин (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү зиректерин, өзүн өзү уюштурууну жана системдик-ишмердүүлүк мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. Жож жождун социалдык-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсүүчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жож окуу жараянынын социалдык-тарбиялык бөлүгүн студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

**4.1.4.** Жогорку окуу жайынын НББПсы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин жождун илимий кеңеши аныктайт.

**4.1.5.** Жож студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** Жож НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу мерчеминде каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2.** Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.

**4.2.1**. Студенттер, студенттин тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде, НББПда алдын ала каралган конкреттүү сабакты тандап алууга укуктуу.

**4.2.2.** Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө сабакты тандоо боюнча жождо кеъеш алуу жана алардын даярдоонун (адистештирүүнүн) болочок багытына таасир этүү укугуна ээ.

**4.2.3.** НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМЗны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

**4.2.4.** Студенттер жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу таризиндеги көлөмүн, ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35%нан кем эмес чектеринде, мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

Окуу сабагы боюнча өз алдынча ишке бөлүнгөн сааттарга ушул окуу сабагы (модулу) боюнча ымтыканга даярданууга бөлүнгөн убакыттар да кирет.

**4.4.** Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу таризинде аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

**4.5.** Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү студентке жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

**4.6.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

## 5. Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын талаптары

**5.1.** Бакалавр дасыктыгы ыйгарылган, **740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүнүн тестөөсү** багытынын бүтүрүүчүсү көрсөтүлгөн ЖКББ МББСнын 3.4. жана 3.8. пункттарында көрсөтүлгөн НББП максатына жана маселелерине ылайык кесиптик ишмердүүлүгүндө төмөнкү зиректүүлүктөргө ээ болушу зарыл:

***а) универсалдык:***

**жалпы илимий (ЖИК):**

ЖИК-1 айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана сындап баалоого, , маданияттын, турмуш-тиричиликтин баалуулуктарында багыт аныктоого жана активдүү жарандык көз караште болууга, адамдарга сый мамиле жасап сабырдуу болууга жөндөмдүү;

**аспаптык (АК):**

АК-1 мамлекеттик, расмий жана бир чет тилинде өзүнүн окуган жана иштеген чөйрөсүндөгү иши боюнча баарлашууга жөндөмдүү;

АК-2 окуган жана иштеген чөйрөсүндөгү оор көйгөйлөрдү чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуп жаңы билимдерди алууга жана аны колдонууга жөндөмдүү;

АК-3 кесиптик иш-аракеттеринде ишкердик билимдерин жана чеберчиликтерин колдонууга жөндөмдүү.

**социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):**

СИЖМК-1 жеке адамдардын же топтордун кесиптик иш-аракеттериндеги койгон максаттарына жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү.

***Кесиптик компетенция (зиректүүлүк) (КК)***

***Долборлоо – куроолук ишкердиги боюнча:***

КК-1 полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүүшүндөгү жана чийүү кызмат чөйрөсүндөгү технологиялык жараяндарды долборлоого жөндөмдүү;

КК-2 китептерди, гезиттерди, журналдарды, каталогдорду, таңгактарды, жарнамаларды чыгарууда, жалпы керектөө буюмдарын жана өндүрүштүк буюмдарды чыгаруудагы колдонулган басуу технологияларын экологиялык таза жана ресурс үнөмдөөнү иштеп чыгуу үчүн эффективдүү ыкмаларды колдонууга жөндөмдүү;

КК-3 полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүндө чыгарыла турган өнүмдөрүнүн долбоорун, анын жаңы үлгүлөрүн, ошондой эле чийүү кызмат чөйрөсү үчүн долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;

КК-4 долбоорлонуп жаткан тилкелер үчүн маалымат технологияларын колдонууга, иш агымдарын башкаруу системдерин пайдаланууга жөндөмдүү;

КК-5 өндүрүш үчүн техникалык жана долбоорлук иш кагаздарды иштеп чыгууга, ошондой эле долбоорлук чечимдердин техника-экономикалык негиздөө боюнча иштерге катышууга жөндөмдүү;

КК-6 маалыматтык технологияларды колдонуу менен китеп, гезит, журналдарды, жарнамаларды, таңгактарды жана башка буюмдарды чыгаруу боюнча кесиптик иш-аракеттеринде негизги жана жаңы ыкмаларды жана долборлоонун каражаттарын колдонууга жөндөмдүү;

***Өндүрүштүк – технологиялык ишкердиги боюнча:***

КК-7 технологиялык жана программалык каражаттарды, тектерди жана башка ресурстарды колдонуу менен технологиялык жараяндарды оңдоого жана ишке ашырууга, полиграфиялык жана таңгактоо багытындагы ишканаларда алгачкы өндүрүштүк тилкелердин иштөөсүн камсыздоого жөндөмдүү;

КК-8 технологиялык жараяндардын эл аралык жана мамлекеттик стандартка дал келүүсүн камсыз кылууга, чыгарылуучу полиграфиялык жана таңгактоо өнүмдөрүнүн сапатын жана технологиялык тартипти көзөмөлгө алууга жөндөмдүү;

КК-9 полиграфиялык жана таңгактоо өнүмдөрүн чыгаруу үчүн ыңгайлуу жана башка жаңы технологиялык чечимдерди тандоого жөндөмдүү;

КК-10 полиграфиялык жана таңгактоонун технологиялык жабдууларын иштетүүнү ишке ашырууга, полиграфиялык жана таңгактоо өнүмдөрүнүн үлгүлөрүн жана тектерин көзөмөлдөөдө жана сыноодо негизги жана жаңы ыкмаларды жана каражаттарды колдонууга жөндөмдүү;

КК-11 полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн техногендик таасирден айлана чөйрөнү коргоонун ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;

***Уюштуруу – башкаруучулук ишкердиги боюнча:***

КК-12 башкаруунун принциптерин жана өндүрүштүк карым-катнаштарды, ошондой эле техникалык , финансылык жана адамдык факторду эске алуу менен комплекстик иш чараларды жана өндүрүштук жараяндарды башкарууда кенен чөйрөнү камтыган жалпы жана кесиптик билимин колдонууга жөндөмдүү;

КК-13 чакан жамааттын ишин уюштурууга, күтүлбөгон кырдаалда жана ар түрдүү пикирлердин шартында так башкаруу чечимин кабыл алууга жөндөмдүү;

КК-14 иш ордун уюштурууга, аны техникалык жактан камсыздоого, өндүрүштук жабдууларды жайгаштырууга, өнүмдөрдү илгерилетүүгө жана сатууга жөндөмдүү;

КК-15 сын ой жүгүртүү чеберчилигин колдонууга, жаңы технологияны киргизүүнү талап кылган башкаруу объект катары буюм чыгаруунун технологиялык жараянын талдоого жөндөмдүү;

КК-16 уюштуруу – башкаруучулук ишкердигинде татаал көйголөрдү чечүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды, жаңы ыкмаларды кошуп, тандоого жана колдонууга жөндөмдүү;

***Тейлөөлүк-иштете билүүлүк ишкердүүлүгү боюнча:***

КК-17 колдонулган өндүрүштүк жабдууларды жөнгө салууга жана мүчүлүштүктөрүн оңдоого жөндөмдүү;

КК-18 берилген функционалдык мүнөздөмөсүнө жана сапаттык критерийлерине ылайык өндүрүштүк жабдуулардын иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыздоого жөндөмдүү;

КК-19 колдонулган полиграфиялык жабдуулардын иш динамикасын жана абалын текшерүүгө жөндөмдүү;

КК-20 тейлөөлүк-иштете билүүлүк кызматын уюштурууда жана жүзөгө ашырууда тейлөөлүк-иштете билүүлүк жумуштарын аткаруунун бааларын жана өлчөмдөрүн (параметрлерин) аныктай турган нормативдик иш-кагаздарды жана укуктук актыларды колдонууга жөндөмдүү.

Бакалаврларды даярдоо боюнча окуу программасына, кесиптик иш-аракеттердин түрлөрүнө кошулган бардык универсалдуу жөндөмдүүлүктөр ошондой эле кесиптик жөндөмдүүлүктөр ушул программаны иштеп чыкканда окуу программасынын жыйынтыктарынын керектүү топтомдоруна кошулат. Окуу учурунда окуучу өзүнүн даярданып жаткан белгилүү профилине байланыштуу (атайын кесиптик) башка жөндөмдүүлүккө ээ болуусу мүмкүн.

Профиль 5 аталышка чейинки санда кошумча атайын кесиптик жөндөмдүүлүктөр менен аныкталат жана аны жож өз алдынча аныктайт. Профилдердин тизмеси ОУБ тарабынан бекитилет.

Кошумча жөндөмдүүлүктөрдүн тизмеси улуттук дасыктыктардын алкагынын негизинде, өнөр-жайлык/тармактык жөндөмдүүлүктөрдүн алкагында жана кесиптик стандарттын (бар болсо) негизинде аныкталат.

**5.2. Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар**

Баклаврларды даярдоодо НББП төмөнкү окуу бөлүктөрдөн (блоктордон) турат:

1 Блок: «Сабак (модулдар)»

2 Блок: «Амалият»

3 Блок: «Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак»

| Бакалаврларды даярдоо **НББПнын түзүмү** | | Бакалаврларды даярдоо НББПнын жана кредиттер менен берилген бөлүктөрүнүн көлөмү |
|---|---|---|
| 1 Блок | I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл<br>II. Математикалык жана табигый-илимий цикл<br>III.кесиптик цикл<br>**Жыйынтык:** | 20-35<br>30-45<br>85-135<br>**165-215** |
| 2 Блок | Амалият | 15-60 |
| 3 Блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак | 10-15 |
| **Бакалаврларды даярдоо боюнча НББП ЖКББнын көлөмү** | | **240** |

Жож бакалаврларды даярдоонун НББПны МББСтин талабына ылайыктап иштеп чыгат жана улуттук дасыктардын негизине ылайык, окутуудагы жетишкендиктердин натыйжасына жооптуу.

Бакалаврларды даярдоо НББПнын ар бир блогуна тиешелүү сабактардын топтомун (модульдарын) жана алардын жүктөмүн, улуттук дасыктардын негизинде берилгендей жалпы түрүндөгү окутуунун жыйынтыгын, аны өздөштүрүүнүн жыйынтыгын эске алуу менен блокко белгиленген көлөмдө, жож оз алдынча аныктайт.

**5.2.1** Бакалаврларды даярдоо НББПны ишке ашырууну камсыз кылышы керек:

- тизмеси менен көлөмүн Кыргыз республикасынын илим жана билим берүү аймагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктоочу сөзсүз түрдө окула турган гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдеги сабактарды. Көрсөтүлгөн сабактардын мазмунун жана ишке ашыруу тартибин тиешелүү багытта бакалаврларды даярдоонун МББС ЖКББ белгилейт.
- сөзсүз түрдо өздөштүрүлүүчү бирок кредитке которулбай жана бакалаврларды даярдоо НББПнын көлөмүнө кирбеген, көлөмү 360 саатан кем эмес дене тарбия жана спорт сабактарын.

**5.2.2.** 2 Блок “Амалият” өзүнө окуу амалиятын (таанышуу, технологиялык, илим-изилдөө иши) жана өндүрүштүк (куруулук, ишке киргизүүлүк, педагогикалык, илим-изилдөө иши ) амалиятттарды камтыйт.

Жож амалияттын бир же бир нече түрүн тандап алууга жана ошондой эле кошумча амалияттын, белгиленген кредиттин ичинде, түрүн тандоого укуктуу.

**5.2.3**. 3 Блок “Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак” өзүнө мамлекеттик ымтыканга даярданууну жана аны тапшырууну, бүтүрүү дасыктык ишин аткарууну жана аны жактоону (эгер жож бүтурүү дасыктык ишин мамлекеттик жыйынтыктоочу сынакка кошкон болсо) камтыйт.

**5.2.4**. Бакалаврларды даярдоо НББПнын ичинде сөзсүз жана элективдүү болүктөр айрымаланып турат.

Бакалаврларды даярдоо НББПнын сөзсүз бөлүгүнө улуттук дасыктардын негиздик деңгээлин эсепке алуу менен жалпы илимдик, социалдык инсандык, жалпы маданияттык жана кесиптик жөндөмдүүлүктү камсыз кылуучу сабактар жана амалияттар кирет.

Бакалаврларды даярдоо НББПнын сөзсүз бөлүгүнүн көлөмү, мамлекеттик бөлүктү эске албаганда, жалпы көлөмдүн 50%ын түзүүсү керек.

Студенттер бакалаврларды даярдоо НББПнын элективдүү бөлүгүнүн ичинен багытына дал келген сабактарды тандап алуусу мүмкүн, жана ошондой эле бакалаврларды даярдоо НББПнын башка багыттарынын сабактарын тандоого мүмкүнчүлүк берилет.

**5.2.5.** Жож, ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (алардын арызы боюнча) бакалаврларды даярдоо НББПнын негизинде, алардын психофизикалык өрчүү өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана, керек болгон учурда өрчүүдөгү мүчүлүштүктөрдү оңдоону (коррекциялоону) жана социалдык адаптациялоону, ден соолугу боюнча окууга карама каршылыкты эске алуучу НББПнан сырткары, камсыз кылуу менен билим алууга мүмкүнчүлүк берүүсү керек.

**5.3. Бакалаврды даярдоо НББП ны ишке ашыруу шартына коюлган талап**

**5.3.1**. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо

Бакалаврды даярдоо НББПсын ишке ашыруу берилген сабактын профилине ылайык базалык билимдүү жана системдик түрдө илим менен алектенген жана илимий-усулдук иш-аракеттенген педагогикалык кадрлар ишке ашыруусу керек.

Кесиптик мерчемдин окутуучулары, берген сабактардын профилине тийиштүү илимий даражага жана (же) илимий наамга ээ жана (же) кесиптик чөйрөгө ылайык иш тажрыйбалуу болуусу зарыл.

Илимдин доктору же кандидаты деген даражага ээ болгон окутуучулардын окуган дарстарынын, берген сабактарынын бөлүгү жалпы сабактардын санынан 30%нан кем эмес болушу керек.

Жалпы окумуштуу даражага жана/же окумуштуу наамга ээ болгон окутуучулардын 10%га чейинки бөлүгүн аталган багытта (профилде) акыркы 10 жылдын ичинде жетекчи же жетектөөчү адис катары практикалык тажрыйбалуу окутуучуларга алмаштырууга болот.

**5.3.2. Окутуу жараянын окуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо**

Бакалаврларды даярдоо НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасынын сабактарынын толук саны боюнча түзүлгөн, китепкана фондусуна жана берилген базаларга кирүү мүмкүндүгүн камсыздоо керек.

Китепкана фонду НББПнын негизги жана кошумча сабактары боюнча окуу адабияттары, басылма жана/же электрондук басылмалар менен камсыз болуусу зарыл.

Китепкана фондунун тиешелүү чөйрөдөгү кесиптик (даярдоо профилине ылайык) иш-аракеттер боюнча илимий изилдөөлөрдүн жана инновациялардын жыйынтыктарын жарыялаган 5тен кем эмес журналдардан турган электрондук ресурстарына кирүүсүн камсыздоо зарыл.

**5.3.3. Окутуу жарянын материалдык техникалык камсыздоо**

Бакалаврларды даярдаган НББПны ишке ашырган жогорку окуу жайлары учурдагы тазалык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге тура келген, жогорку окуу жайлардын окуу планында каралган студенттерди тажрыйбалык, сабактык жана сабак аралык даярдоону, амалияттык (практикалык) жана илим-изилдөө иштеринин бүт түрлөрүн жүргүзүүнү камсыздаган тек-техникалык база менен камсыз болуусу зарыл.

Бакалаврларды даярдаган НББПны ишке ашыруу үчүн керектелүүчү эң аз деген материалдык-техникалык элементтердин базасы өзүнө:

- “Полиграфиялык тектер” тажрыйбаканасы: муфельдик меш – 3 даана, микроскоп, калыңдыкты өлчөгүч – 5д., термогигрометр – 2 д., эки бүктөмдүн санын өлчөгөн жабдуу, жылмакайлыкты өлчөөчү аспап, (ВЗ-246) вискозиметрлердин түрлөрү, термометрлер – 3д., психрометрлер, аналитикалык же электрондук так таразалар – 3д., фотометр, ажыратуучу жабдуу;
- “Полиграфиядагы метрология, стандартташтыруу жана сертификациялоо” тажрыйбаканасы: штангенциркуль – 10 д., микрометр – 10 д., акыркы узундуктардын өлчөмү – 4 топтом, штангенглубиномер – 4 д., штангенрейсмус – 3 д., индикатдук нутромер – 3 д., микрометрлик тереңдикти өлчөгүч – 6 д., саат түрүндөгү индикаторлор – 4 д., рычагдык баштар – 3 д., мультиметр – 1 д., микроскоп БМИ – 1

д., профилометр-профилограф – 1 д., урунууну өлчөгүч – 1 д., гигромер ВИТ-1 – 1 д., теги эместиктин үлгүлөрү;

- “Басууга чейинки жараяндар жана системдер” тажрыйбаканасы: денситометр, көчүрмө рама, куроочу стол, сүрөттү көрсөтүүчү жабдуу, басма калыпты чыгаруучу система «Ctp», ультрафиолеттик нур чачыратуучу система, компьютердик системдерди изилдеп үйрөнүү үчүн стенд, принтерлердин куроолук түзүмдөрүн изилдеп үйрөнүү үчүн стенд, басып көрүүчү станок;
- “Басуу жараяндары жана системдери” тажрыйбаканасы: термогигрометр, жылмакайлыкты өлчөөчү аспап, (ВЗ-246) вискозиметрлердин түрлөрү, термометрлер, психрометрлер, аналитикалык же электрондук так таразалар, калыңдыкты өлчөгүч, денситометр, колориметр, цилиндрлердин ортосундагы аралыкты өлчөгүч щуп, басуучу машина;
- “Басуудан кийинки жараяндар жана системдер” тажрыйбаканасы: (ВЗ-246) вискозиметрлердин түрлөрү, термометрлер, психрометрлер, аналитикалык же электрондук так таразалар, ажыратуучу жабдуу, калыңдыкты өлчөгүч, чаптагычты жугузуучу станок, тоголоктогуч станок, кысуучу станоктун түрлору, жалтыр басуучу пресс, зым менен тигүүчү станок, жип менен тигүүчү машина, кескич машина, ламинатор, картон кесүүчү аспап;
- заманбап компьютерлер, интернетке чыгууга мүмкүнчүлүгү бар бириккен жергиликтүү санариптик тармактар менен камсызданган компьютердик класс жана окуу тажрыйбаканасы. Студентке иш жүзүндө амалияттык иштерди аткаруу үчүн актуалдуу графикалык программанын версиясын колдогон жеке компьютерлерде иштөөгө мүмкүнчүлүк берилиши керек;
- жождогу НББПга ылайык, ар бир сабак тийиштүү лицензияланган программалык камсыздоолор менен колдоо көрсөтүлүүсү зарыл.

Окуу жараянын камсыздоочу программалык каражаттарга:

базалык:

- операциялык системдер;
- программалык чөйрө (тексттик процессорлор, электрондук таблицалар, жеке маалыматтык системдери, презентациялык графикалык программалар, браузерлер, электрондук беттин редактору, почталык кардарлар, растрлык графиканын редактору, вектордук графиканын редактору, такта үстүндөгү басмалык системдер, иштеп чыгуу каражаттары);

колдонмо;

- тармактар боюнча колдонулуучу маалыматтык системдер;
- автоматташтырылган долболоочу программалар кирүүсү керек.

Илим изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн студенттерге технопарктарда жана бизнес-инкубаторлордо иштөөгө мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Окуучулар жождун бүт электрондук маалымат ресурстарына жана бакалаврларды даярдоо окуу программаларына аралыктан кирүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз болуусу зарыл.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо**

Жогорку окуу жайы даярдоонун сапатын камсыздоого кепилдик берүүгө милдеттүү, анын ичинде:

жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегиясын иштеп чыгуу; сурамжал жүргүзүү, окуу программасын убак-убагы менен кайра карап чыгуу; окуучулардын билиминин жана чеберчилигинин деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн зиректүүлүгүн баалоонун объективдүү жол-жобосун иштеп чыгуу; профессор-окутуучулар курамынын зиректигин камсыздоо; жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен башка билим берүү мекемелери менен ишкердүүлүктү, стратегияны, салыштырмалуу баалоо үчүн макулдашылган баам боюнча ар дайым өздүк баамдоону өткөрүп туруу; өз ишинин натыйжалары, пландары, жаңылануулары менен коомчулукту маалымдап туруу.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык аттестациясын жана профессор-окутуучулар курамынын ортодогу аттестациясын, жетишкендигинин учурдагы талапка ылайык текшерүүнү ичине киргизип негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо.

Жогорку окуу жайы өз алдынча ар бир сабак боюнча учурдагы жана ортодогу билимди текшерүүнүн шарттарын жана айкын түрүн иштеп чыгып окутуучуларга биринчи окуу ай ичинде билдирилет.

Окуучуларды, НББПга коюлган баскычтык шарттарга ылайык, алардын жекече жетишкендиктерин аттестациялоо үчүн (учурдагы жетишүүсүн текшерүү жана аралык аттестация) билимин, көнүмүн, көндүмүн жана ээ болгон зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берген түрдүк тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана текшерүү ыкмасын ичине камтыган баалоочу каражаттык фонд түзөт. Баалоочу каражаттык фонд жож аркылуу иштелип чыгат жана бекитилет.

Келечектеги адистик ишкердүүлүктүн шарт түзүп берүү үчүн кезектеги жетишкендиктерин текшерүү жана аралык аттестациялоо программасын максималдуу окшоштурууга жож шарт түзүп берүүсү зарыл – ал үчүн конкреттүү сабактарды өткөн окутуулардан тышкары, сырттан эксперттер катары жумуш берүүчүлөр жана окшош сабактарды өтүүчү окутуучулар активдүү катышуусу керек.

Окучууларга окуу жараянынын уюштуруусун жана сапатын толугу менен, кээ бир окутуучулардын иштерин баалоого мүмкүнчүлүк берилүүсү керек.

Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы дасыктык иштердин жактоону (дипломдук долбоорду) жана кесиптик сабак боюнча мамлекеттик ымтыканды камтыйт. Мамлекеттик ымтыкан жождун каалоосу боюнча киргизилет.

Дасыктык иштин (дипломдук долбоордун) түзүлүшүнө жана көлөмүнө, мазмуунуна коюлган шарттар о.э. мамлекеттик ымтыканга коюлган шарттар жож тарабынан аныкталат.

**740600 "Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү"** багыты боюнча ушул стандарт базалык ЖОЖ - И.Раззаков атындагы КМТУдагы Техника жана технология тармагындагы билим берүү боюнча Окуу-методикалык бирикмеси (ОМБ) тарабынан иштелип чыккан

ОМБ башчысы ____________________ Чыныбаев М. К.

ОУБдун № 4
секциясынын жетекчиси ____________________ Рысбаева И.А.

ОУБдун мүчөлөрү:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Раззаков М. И.. | К. Курманалиев атындагы "Полиграфия" кафедрасынын жетекчиси | ____________ колу |
| 2. | Садыкова Э. А. | К. Курманалиев атындагы "Полиграфия" кафедрасынын доценти | ____________ колу |
| 3. | Курманалиев Б.К. | "Калем" БҮ директору | ____________ колу |
| 4. | Орускулов Т. Р. | «Билим компьютер» басмасынын директору | ____________ колу |